DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2021

*Кадырова А.Т.*

# ЭТИЯТСЫЗДЫКТАН АДАМДЫН ӨЛҮМҮНӨ АЛЫП КЕЛГЕН ДЕН-СООЛУГУНА АТАЙЫН ООР ЗЫЯН ТИЙГИЗГЕН АДАМДЫН КРИМИНОЛОГИЯЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

*Кадырова А.Т.*

# КРИМИНОЛОГИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ЛИЦ, СОВЕРШИВШИХ УМЫШЛЕННОЕ ПРИЧИНЕНИЕ ТЯЖКОГО ВРЕДА ЗДОРОВЬЮ ПОВЛЕКШЕЕ ПО НЕОСТОРОЖНОСТИ СМЕРТЬ ЧЕЛОВЕКА

*A.T. Kadyrova*

# CRIMINOLOGICAL CHARACTERISTICS OF PERSONS WHO COMMITTED AN INTENTIONAL CAUSION OF SEVERE HEALTH TO HEALTH CAUSED BY INACCEPTION THE DEATH OF A PERSON

*УДК: 343.97/343.6*

*Макалада адамдын ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизип этиятсыздыктан өлүмүнгө алып келген адамдын криминологиялык мүнөздөмөсү берилген. Автор теманы ачууда изилдөөдө билдирилген көйгөйлөрду эки негизги багыттар менен карооге басым жасалат Биринчи багытта каралып жаткан кылмыштуулуктун түрүнүн криминологиялык маанилүү кубулуштарына жана статистикалык мүнөздөмөлөрүнө басым жасалат. Экинчисинде зомбулук жасаган кылмышкердин инсандыгын жана мындай субъектилеринин индивидуалдык кылмыштык аракеттерин талдоого приоритеттик мааниге ээ экендигине басым жасалат. Жүргүзүлгөн изилдөөдөнүн жүрүшүндө автор атайылап башка бирөөнүн саламаттыгына оор зыян келтирген адамдын инсандыгынын моделин бөлгөнгө аракет кылган. Мындай адамдын инсандык мүнөздөмөлөрү төмөндөгүдөй маалыматтардан улам аныкталган: жынысы, билими, квалификациясы, психологиялык өзгөчөлүктөрү (импульсивдүүлүгү, жининин чукулдугу ж.б.). Макаланын жыйынтыгында каралган кылмышкердин криминологиялык кээ бир көрсөткүчтөрү жана жабырлануучуга мүнөздөгөн виктимологиялык белгилер КР ЖКнын 138-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунда өзүнүн чагылуусун тапса туура болот, себеби укук коргоо органдары тарабынан адамдын ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизип этиятсыздыктан өлүмүнө алып келген кылмыштарды алдын алуу боюнча ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга түрткү жасоосу мүмкүн деген тыянак келтирилет.*

***Негизги сөздөр:*** *саламаттык, оор зыян келтирүү, ден-соолук, байкабастык, адамдын өлүмү, криминологиялык мүнөздөмө, кылмышкердин инсандыгы, алдын алуу, зордук-зомбулук.*

*В статье дана криминологическая характеристика лиц, совершивших умышленное причинение тяжкого вреда здоровью повлекшее по неосторожности смерть человека. При раскрытии темы автором делается акцент на два основных направления в исследовании заявленной проблемы. В первом делается акцент на криминологически значимых явлениях и статистических характеристиках рассматриваемого вида преступности. Во втором делается упор на анализе личности насильственного преступника, и детерминантов индивидуального преступного поведения подобного рода субъектов. В ходе проведенного исследования автором выделена модель личности преступника, умышленно причиняющего тяжкий вред здоровью другого лица. При этом личностные характеристики такого лица определены исходя из таких данных, как: пол, образование, квалификация, психологические особенности (импульсивность, раздражительность и т.д.). В заключении отмечается, что полученные криминологические показатели личности преступника и виктимологические признаки, характеризующие потерпевших, могут найти свое выражение в п. 1 ч. 3 ст. 138 УК КР, что способствовало бы повышению эффективности деятельности правоохранительных органов по предупреждению умышленных причинений тяжкого вреда здоровью повлекшее по неосторожности смерть человека*

***Ключевые слова:*** *здоровья, причинение тяжкого вреда, неосторожность, смерть человека, криминологическая характеристика, личность преступника, предупреждение, насилие.*

*The article provides the criminological characteristics of persons who committed intentional grievous bodily harm resulting in the death of a person through negligence. When revealing the topic, the author focuses on two main areas in the study of the claimed problem. The first focuses on criminologically significant phenomena and statistical characteristics of the type of crime under consideration. The second focuses on the analysis of the identity of the violent criminal, and the determinants of the individual criminal behavior of such entities. In the course of the study, the author singled out a personality model of a criminal who intentionally causes serious harm to the health of another person. Moreover, the personality characteristics of such a person are determined on the basis of such data as: gender, education, qualification, psychological characteristics (impulsiveness, irritability, etc.). In conclusion, it is noted that the obtained criminological indicators of the personality of the criminal and the victimological characteristics that characterize the victims can find their expression in paragraph 1 of part 3 of Art. 138 of the Criminal Code of the Kyrgyz Republic, which would help increase the effectiveness of law enforcement agencies in preventing deliberate infliction of grievous bodily harm resulting in the death of a person through negligence*

***Key words:*** *health, causing serious harm, negligence, death of a person, criminological characteristics, the identity of the offender, prevention, violence.*

Акыркы он жылдыктын илимий адабияттарында, анын ичинде этиятсыздыктан адамдын өлүмүнө алып келген ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизүү болгон зомбулук кылмыштарынын көйгөйлөрүн

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



изилдөөдө эки негизги багыттар басымдуулук кылат. Алардын биринчисине ылайык, кылмыштын бул түрүнүн криминологиялык маанилүү көрүнүштөрүнө жана статистикалык мүнөздөмөлөрүнө негизинен басым жасоо менен жалпы социалдык жана топтук деңгээлдерде изилдешет. Экинчи багыт боюнча зомбулук кылмышкеринин инсандыгын жана ошондой эле мындай субъектилеринин индивидуалдык кылмыштык аракеттерин талдоо приоритеттик мааниге ээ. Эки багыт боюнча криминологиялык илим жетиштүү түрдө алыска алдыга жетишкен [1].

Адам өлтүрүүдөн кийин адамдын жашоосуна жана ден-соолугуна каршы зомбулук кылмыштарынын арасында кооптуулугу боюнча этиятсыздыктан адамдын өлүмүнө алып келген ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизүү турат (КР ЖКнын 138-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пункту) жана инсанга каршы кылмыштардын түзүмүндө 2018-2019-жылдары 41,2 пайызды түзгөн [2]. Бул жагдайды жана аракеттердин бул түрүнүн жогорку коомдук кооптуулугун эске алуу менен, жана ошондой эле ички иштер органдарынын кээ бир учурларда ага каршылык көрсөтүүсүнүн натыйжалуулугунун жетишсиздиги актуалдуу болуп, мындай кылмыштардын мүнөздөгөн көйгөйлөрдүн терең талдоосун; алардын абалын, динамикасын жана түзүмүн аныктоону; ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизүүнүн жасалуусунун себептерин жана шарттарын аныктоону, зомбулук кылмышкердин инсандыгын изилдөөнү, анын жаңы криминологиялык белгилерин аныктоону талап кылат.

Биз жүргүзгөн изилдөөнүн натыйжасына таянуу менен кылмышкердин каралып жаткан түрүнүн инсандыгынын криминологиялык мүнөздөмөсүнүн түзүүчүлөрүн белгилеп кетсе болот. Каралып жаткан кылмыштын категориясынын жасаган адамдарынын жаш курагы көп учурда 30 жашка чейинки жаш курактык топко таандык (18 жашка чейин – 4,5%, 19-30 жаш – 23,6%); 31-40 жаш – 27,1%; 41-50 жаш – 12,5%; 51-60 жаш – 6%, 60 жаштан жогору – 1,1% [2].

Кылмыш жасаган адамдардын ичинен эркек кишилер, аял кишилерге салыштырмалуу басымдуулук кылат. Эреже катары, биз алган маалыматтарга ылайык, аял кишилер эркек кишилерге салыштырмалуу өзүнүн көбүрөөк эмоционалдуулугуна байланыштуу ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизишкен. Аял кишилер курч конфликттик ситуацияларга дароо реакция кылгандыгы аныкталган. Мындай жүрүм-турум менен мындай түрдөгү ситуация жана көйгөйлөрдөн сакталбаган жана тийиштүү тарбия албаган аял кишилер белгиленет.

КР ЖКнын 138-бер. 3-бөлүгүнүн 1-пункту менен каралган кылмышты жасаган адамдардын көпчүлүк бөлүгү – жумушсуздар жана эч жерде окубаган адамдар болуп, алардын минималдык материалдык жетишкендик жана төмөнкү билим берүү деңгээлин тастыктайт. Ишкерлердин ичинен жана жумушка жөндөмдүү болгондор кылмыш жасаган убакытта негизинен төмөнкү квалификациядагы кесиптердин ээси болгон: кызматкерлер – 54,8%, жумушчулар 22,4%, фермер – 2,8%, ишкерлер – 1,4%, жалпы билим берүү мекемесинде окугандар – 4,3%, жождун студенти – 2,9%, жумушсуз – 47,1%.

Биз көрүп тургандай, кылмышкерлердин арасында фермерлердин, ишкерлердин, студенттердин жана окуучулардын саны аз.

Инсандын жүрүм турумуна, анын кызыкчылык чөйрөсүнө, баарлашуу тобуна, жашоодогу максаттарын ишке ашыруу жолун тандоого, белгилүү болгондой, билим таасирин тийгизет. Бизде бар болгон маалыматтар биз изилдеген кылмышкерлердин арасында, өзгөчө жогорку билимдүүлөрдүн саны өтө төмөн.

Кылмышкердин инсандыгын мүнөздөөдө кылмышкерлердин социалдык, психологиялык жана башка өзгөчөлүктөрү менен түздөн түз байланышкан кылмыштык аракеттердин мүнөзү жана узактыгы болгон түзүмдөрү өзгөчө көңүлгө ээ. Биз изилдеген материалдар өзгөчө оор кылмыштарга буга чейин соттолгон адамдар 3,1 пайызды түзүп, оор кылмыштар үчүн соттолгондор 28 пайызды түздү. Ал эми буга чейин соттолбогондордун саны 57 пайызга ээ болуп, жазык жоопкерчилигине биринчи жолу тартылган субъектилердин жогорку көрсөткүчүн тастыктайт, башкача айтканда ден-соолугун оор зыян тийгизген адамдар көп учурда буга чейин кылмыш жасагандыгы үчүн жазык жоопкерчилигине тартылган эмес.

Каралып жаткан кылмыштардын курамында топтук кылмыштар 3,3 пайызды түзөт, башкача айтканда мындай кылмыштарды жасоо үчүн кылмыштык топту түзүү типтүү эмес. Ал эми мындай фактылар орун алган болсо, алардын саны үчтөн ашкан эмес.

Биз карап жаткан кылмыштардын алкагында топко кирген ар бир кылмышкердин конкреттүү ролун аныктоо татаал, анткени топтун ошол эле бир катышуучусу бир эле эпизоддо аткаруучу, уюштуруучу жана шыкакчы болуусу мүмкүн [3].

Зомбулуктун өзүнүн көрүнүшүнүн түрдүү формаларында жагымсыз мамилелердин жана эмнеге алып келгендигин жана алардын кантип чечилүүсүн көрсөттү [4, 124-б.]. Алар болсо өзгөчө оор формадагы зомбулук аркылуу чечилип, 90 пайыздан ашык учурларда этиятсыздыктан адамдын өлүмүнө алып келген ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизүүгө алып келген. Көп учурларда ал атылбас курал же курал катары колдонулган башка предметтер менен тийгизилген. Мындай кылмыштардын жасалуусунун 90 пайызында күнөөлүү адам алкоголдук же баңгилик

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



мас абалда болгон. Ошону менен биргеликте жабырлануучунун өзүнүн алкоголдук мас абалда болгондугун белгилеп кетүү зарыл.

Башка адамдардын ден-соолугуна оор зыян тийгизген адамдардын көпчүлүгү мындай аракеттерди импульсивдүү түрдө, өзүн билдирүү жана жакын айланасындагы адамдардын алдында статусун бекемдөө үчүн аткарылып, кээде ким кылмышкер жана жабырлануучу натыйжасында гана аныкталган. Албетте, көп учурда эки тараптын тең мас абалда болуусу орун алган [5, 88-б.].

Кылмышкердин инсандыгын изилдөө жалпы адамзатынын сыпаттарын изилдөө менен гана чектелбейт. Ал анын криминологиялык белгилерин аныктоого багытталган.

Биздин изилдөөбүздүн жүрүүсүндө алынган маалыматтар көрсөткөндөй, импульсивдүүлүк, агрессивдүүлүк, бөлүнүүсү, асоциалдуулук, жогорку сезимдүүлүк жана башкалар сыяктуу белгилер көп даражада инсанга каршы кылмыштарды жасаган адамга таандык. Буга этиятсыздыктан адамдын өлүмүнө алып келген ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизүү да кирет, анткени карап жаткан кылмышкерлердин түрүндөгү жүрүм турумдун нормативдик көзөмөлү социалдык талаптардын көз карашы менен аткарылбай, жеке сезүүлөрү, тарынычтары, өзүндөгү көйгөйлөрдөн улам келип чыгат. Окшош өзгөчөлүктөр менен адам өлтүрүүчү да мүнөздөлөт.

Агрессивдүүлүк, эмоционалдуулук, биринчи сезим менен аракет жасоого жакын болуу талдап жаткан жогорку сезимтал жана инсандар аралык өз ара мамилелерде тарынычтуу зомбулукчулар менен айкалышат. Көп учурда бул менен түрдүү конфликттерде зомбулукту колдонуусу аныкталып, басымдуу бөлүгүндө өзүн сактоо үчүн жасалат. Алардын мындай аракеттери коомдогу бар болгон укуктук жана адептик нормаларды жакшы түшүнбөгөндүгү, мындай адамдардын социумдан бөлүнүүсүнөн жана алардын баалуулуктары менен байланышып, алардын алкоголдошуусунда чоң ролду аткарат [5].

*Кылмышкердин инсандыгынын типологиясы*. Кылмыш жасаган бардык адамдар бири-биринен демографиялык, укуктук, психологиялык жана башка белгилери боюнча бир жагынан айырмаланат. Ал эми экинчи жагынан – алар ошол эле белгилери боюнча бири бирине окшош жана туруктуу топторду түзөт. ошондуктан кылмышкерлердин тигил же бул түрүнүн илимий типологиясынын зарылдыгы келип чыгат.

Типология – объектилердин системасын бөлүү жана жалпыланган, идеалдашкан моделинин же тибинин жардамы менен алардын топтошуусу негизнде жаткан илимий таануунун методу. Типология изилденип жаткан объектилердин окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктоого таянып, алардын түзүлүгүн көрсөтүүгө, алардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого умтулат. Типологиянын жардамы менен көрүнүштөрдүн, алардын пайда болуусунун жана өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн ийгиликтүү ачыктоого, келечектеги өнүгүүсүнө божомол түзүүгө болот. Ар бир илимдин негизги фунциясы бул – түшүндүрүү болгондугун эскертебиз [6].

Типология практика үчүн өтө маанилүү: алдын алуучулук таасирдөө предметтүү жана даректүү болуусу үчүн аны алдын алуу объектисинин типологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен корректирлөө зарыл.

Биз жүргүзгөн изилдөөнүн жыйынтыктарына таянуу менен этиятсыздыктан адамдын өлүмүнө алып келген ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизген кылмышкерлердин көп кездешкен типтерин белгилеп кетүү максатка ылайыктуу: «көчөлүк», алкоголдук-баңгилешкен жана үй-бүлөлүк-тиричилик. Алардын ар бир тибинин аталуусу бири биринен айырмалаган маңыздуу мүнөздөмөсүнүн негизинде коюлган. Бул жерде кеп жашоосунун, жүрүм турумунун мотивдеринин, инсандыгынын өзгөчөлүктөрүнүн белгилүү чөйрөсүнө таандык болгон белгилери тууралуу болот.

Ар бир белгиленген типке алардын тигил же бул түрүнүн кылмыштык аракеттеринин мүнөзүн чагылдырган аталыш берүүгө, кылмыштык багытынын туруктуулук даражасын, мотивациялык критерийлерин жана башка психологиялык сыпаттарын аныктоого болот. Биз атаган ар бир аталыш белгилүү даражада шарттуу [7].

Ошентип, биз тараптан жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизген кылмышкердин инсандыгынын моделин белгилеп кетсе болот. Бул көп учурда 30 жашка жетпеген эркек киши, жумушсуз, эмгек кесибине ээ, орто билимдүү, алкогол ичимдиктерине жакын. Ал импульсивдүү, анын кутүүсүз жана кыска мөөнөттүк аффективдүү аракеттери менен мүнөздөлөт. Ал этиятсыздыктан адамдын өлүмүнө алып келген ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизүүнү тигил же бул адамга анда чогулган аффекти менен байланыштуу жасайт. Ал токтоол эмес жана сырткы жагдайлардын же жеке эмоциялардын таасири астында өзүнүн ички сезими менен башка адамдын ден-соолугуна кол салууга жакын. Сырткы айланадагылардын таасирине жакын жана алар анда басымдуулук кылат. Кылмышты биринчи жолу өзүнүн таанышы, туугандары же үй бүлө мүчөлөрү менен болгон конфликттин жүрүүсүнө алкоголдук мас абалында жасайт (атылбас куралдын же курал катары колдонгон башка предметтерди колдонот). Өзүнүн күнөөсүн мойнуна алат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Аягында биз алган кылмышкердин криминологиялык кээ бир көрсөткүчтөрү жана жабырлануучуга мүнөздөгөн виктимологиялык белгилер белгилүү түзүмдөрүндө өзүнүн мазмуну боюнча бирдей жана бул КР ЖКнын 138-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунда өзүнүн чагылуусуна тийиш. Бул жобону эске алуу, биздин көз карашыбыз боюнча, укук коргоо органдарынын этиятсыздыктан адамдын өлүмүнө алып келген ден-соолугуна атайын оор зыян тийгизүүнү алдын алуу боюнча ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга түрткү жасоосу мүмкүн.

**Адабияттар:**


1. Латыпова Э.Ю. Причинение тяжкого вреда здоровью как преступление, совершенное с двумя формами вины // Процессуальные, криминалистические, уголовно-правовые и криминологические проблемы ответственности за тяжкие и особо тяжкие преступления в России и Германии. Материалы Международного научно-практического форума в рамках Года Германии в России 2012/13, 4-5 апреля 2013 г. - Казань: Познание, 2013. - С.223-228
2. Статистические данные НЦК Кыргызской Республики на 2018, 2019 гг.
3. Российская правовая политика. Курс лекций / Афанасьев С.Ф., Беляев В.П., Вавилин Е.В., Демидов А.И., и др.; Под ред.: Малько А.В., Матузов Н.И. - М.: Норма, 2003. - 528 с.
4. Шарапов Р.Д. Насилие в уголовном праве: Понятие, квалификация, совершенствование механизма уголовно-правового предупреждения: дисс. ... д-ра юрид. наук: 12.00.08 / Ур. гос. юрид. акад. - Екатеринбург, 2006. - 418 с.
5. Абдрашит А.А. Уголовная ответственность за умышленное причинение тяжкого вреда здоровью по законодательству Республики Казахстан: Дисс. ... канд. юрид. наук: 12.00.08: Алматы, 2004 - 141 с.
6. Чахов Г.Н. Личность современного насильственного преступника как объект криминологического изучения: Дис. ... канд. юрид. наук: 12.00.08: Краснодар, 2004. - 193 с.
7. Блувштейн Ю. Статистические приемы в криминологических исследованиях // Социалистическая законность. - М., 1971, № 4. - С. 54-56.
8. Бургоева А.Н. Криминологическая характеристика индивидуальных особенностей несовершеннолетнего преступника. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 12. С. 51-53.
9. Кадырова А.Т. Уголовная политика зарубежных стран в борьбе с умышленным причинением тяжкого вреда здоровью. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 12. С. 205-209.